УДК:746.02
DOI 10.33514/1694-7851-2022-2-252-255

**Амираева Лайли Авазовна**
И. Арабаев атындагы КМУ, көркөм сүрөт жана дизайн кафедрасы, ага окутуучу
**Амираева Лайли Авазовна**
КГУ им. И. Арабаева, кафедра ИЗО и дизайна, старший преподаватель
**Amiraeva Layli Avazovna**
KSU I. Arabaev, Department of Fine Arts and Design,Senior Lecturer

# КИЛЕМЧИЛИК ЖАНА КИЛЕМ ТОКУУНУН ТЕХНОЛОГИЯСЫ
# КОВРОТКАЧЕСТВО И ТЕХНОЛОГИЯ КОВРОТКАЧЕСТВА
# CARPET WEAVING AND CARPET WEAVING TECHNOLOGY

**Аннотация:** Макалада кыргыз көркөм кол өнөрчүлүгүнүн бири түрү болгон килемчилик жөнүндө сөз болуп, анын пайда болушу, тарыхый жактан калыптанышы, өзгөчөлүктөрү, аймактардагы килем токуунун түрлөрү жана сырлары ага түшүрүлгөн көчөт-оюмдардын чечмеленип аталыштары, токуу технологиясы жазылды. Көркөм өнөр багытында билим алып жаткан студенттерге, унутулуп бара жаткан бул өнөрдү, «Көркөм-жасалга өнөрүнүн технологиясы» сабагында, программага тема катары киргизип аларга үйрөтүү сунушталат.

**Аннотация:** В статье рассказывается о ковроткачестве, одном из видов кыргызских ремёсел, его происхождении, историческом становлении, особенностях, видах и секретах ковроткачества в регионах, названиях посевов и приёмов ткачества, технологии ткачества. Студентам, специализирующимся в области искусства, предлагается ввести это забытое искусство в учебную программу курса «Технология изящных искусств».

**Abstract:** The article tells about carpet weaving, one of the types of Kyrgyz crafts, its origin, historical formation, features, types and secrets of carpet weaving in the regions, names of crops and weaving techniques, weaving technology. Art students are encouraged to introduce this forgotten art into the Fine Arts Technology curriculum.

**Негизги сөздөр:** килемчилик, түктүү, түксүз килем машина станок, ритм, эстетикалык тарбия.

**Ключевые слова:** ковроткачество, ворсистый, безворсовый ковромашинный станок, ритм, эстетическое воспитани**.**

**Key words:** carpet weaving, fleecy, lint-free carpet machine, rhythm, aesthetic education.

Кыргыз эли, байыртадан эле элдик көркөм кол өнөрчүлүгүн, руханий казынасын муундан-муунга мурас катары калтырып келет. Эл арасынан далай уз-чеберлер, усталар чыгып, алар жөпжөнөкөй кол өнөрчүлүгү менен адам таңкалаарлык буюмдарды жасап, чыгарып, колдонмо-жасалга кол өнөрү аркылуу элдердин турмушун, каада-салтын, үрп-адатын, көз карашын, түшүнүгүн чагылдырган. Колдонмо-жасалга кол өнөрчүлүктүн түрлөрүнө: оймочулук, саймачылык, килем тоуучулук, өрмөк согуучулук, бычып тигүүчүлүк, чий чырмакчылык, зергерчилик, ат жабдыктары, теричилик, жыгаччылык ж.б. кирген.

Жогоруда айтылган кол өнөрчүлүктүн бир түрү болгон килем токуучулукка токтолуп, басып өткөн тарыхына кайрылсак. Килем токуучулук – кыргыз элинин материалдык маданиятын, асыр эсе өнөрүн, ой-кыялы менен эстетикасын, турмуш-тиричилигин айкын чагылдырган элдик өнөрдүн бир тармагы. Килемдин пайда болушу 19 кылымдын аягы 20 кылымдын башына таандык. Ушул убактарда Орто Азия, анын ичинен Фергана өрөөнүндөгү элдерге кеңири тараган Өзбекстанда, Таджикистанда, Түркмөнстанда жана Азербайжанда ошондой эле Иран, Афганистан, Индия ж.б. өлкөлөрдө да күчтүү өнүккөн [3]. Алыс кетпей эле өзүбүздүн мамлекетибизде, Түштүк Кыргызыстандагы ичкилик кыргыздар жердеген Лейлек, Баткен, Кадамжай, Алай, Ноокат жана Тажикстандагы кыргыздар отурукташкан Мургаб, Жерге Тал райондорунда килем токуучулук ушул күнгө чейин сакталып, санжыргалуу салттары жоголбостон, ойдогудай улантылып келет.

Килемчилик алгач мал чарбачылыгы менен алектенишкен элдерде пайда болгон. Килем токууда кол же атайын машина станок менен токуу проссеци жакшы өнүккөн. Килемди атайын машина станок менен токуу 1825-жылы Европада пайда болгон. Буга 1806-жылы Жаккар ойлоп тапкан, машинанын түстүү кездеме жана килем токууга пайдалангандыгы түрткү болду. Кол менен токулган килемге караганда станок менен токулган килемдин бышыктыгы менен көркөмдүк сапаты бир аз төмөн болгондугуна карабастан сырткы түрү жагынан кем калышпайт. Станок машина менен килем токууда иштин өндүрүмдүүлүгү жогору болот. Килемчи кол менен жылына 10-12м² килем токуса, ал эми станок менен саатына 4-5м² токулат.

Килем токуу эки түргө бөлүнөт: т ү к т ү ү (жүл килем), т ү к с ү з (араби килем). Жүл килем менен араби килемин токуу үчүн бир эле станокту колдонууга болот [4].

Килем – имараттын ичин жасалгалоо, жылуулоо жана үн өткөрбөө үчүн керектелүүчү көп түстүү саймалуу жана сүрөттүү көркөм текстиль буюму. Килемдин кооздугу токулуу өзгөчөлүгүнө (түктүү же түксүз) материалдын түрүнө (жүн, жибек, кендир, кебез ж.б.) боёгуна, өлчөмүнө жана түс айкалышына жараша аныкталат.

Жасалып жаткан буюмдун өңүн албетте боёк ачат. Ар бир уз боёкту буюмдун мүнөзүнө карай пайдаланууга умтулган. Илгери азыркыдай даяр боёктор жок болгондугуна байланыштуу, апаларыбыз ар кандай өсүмдүктөрдүн тамырын, кабыгын аралаштырып, эзип, кайнатып ар түрдүү өңдү, боёкторду жаратылыштан алышкан. Мисалы: анардын кабыгы менен керметин тамырын кошуп жанчып, ага сапардын гүлүн кошкондо сары түстөгү боёк келип чыккан. Килем көлөмү, токулушу, түр салынышы (көчөт, оюмдардын түшүрүлүшү) боюнча барак, араби, ордо, куйма, жүл ж.б. түрлөргө бөлүнөт [1]. Алар көлөмү жана сапаты жагынан бири-биринен айырмаланат. Кыргыздарда негизинен жүл менен араби килемдер колдонулат.

Жүл килем – эриш, түк, аркактан турат. Эриши – кой менен эчкинин жүнүнөн жасалат (азыркы учурда кебез жиптен ийрип колдонуп жүрүшөт). Ал эми койдун жазгы жүнүнөн түктү ийрип даярдашат. Ар түрдүү түстөгү жиптен (түк) салынган көчөттөр килемге түр, кооздук берип турат. Аркак кадимки жүндөн же кебез жиптен ийрилет. Колдо токулган килемдер табигый жүндөн, кебезден токулгандыктан салмагы бир аз оор болот.

Араби – килемдин жүл килемден айырмасы: Араби килем жүл килемге салыштырмалуу аркагы болбойт, ошондуктан ага түр салуу да, өзгөчөрөөк. Бул килем, жүл килемге караганда, салмагы жагынан жеңил келип, бышык жана кооз келет. Араби килемине негизинен койдун жазгы кылчык жүнү, ошондой эле эчки жана төө жүнү да пайдаланылат.

Жүл килем менен араби килемге, койдун жазгы кылчык жүнү колдонулгандыктан, даяр болгон килемдер кулпуруп өңүнө чыгып турат.

Кыргыз килемин токуунун элдик ыкмасы өтө жөнөкөй. Алгач килем токулуучу станокту (аштаманы) тегиз жерге куруп же жайгаштырып алуу зарыл. Бетме-бет коюлган эки жумуру жыгачы (жумуру жыгачтын ордуна жумуру трубаларды да колдонсо болот) бар эки жагындагы ок жыгачтары аркылуу бириккен төрт бурчтук, уздардын катарлап олтуруп эңкейе эпилдетип, эриш менен аркакка жипти чалууга шартталган, ошол станок коюлган эки жыгачтын биринин астынан, биринин үстүнөн жипти өткөргөндө (жүгүртүү), жип кайчыланып, «күзүктөөгө» оңтойлошот «күзүк» жиби кылчык жүндөрдөй бат кырчылып калбоо үчүн пахтадан ийрилип чыйратылат. Күзүктөөдө станокко туурасынан туура жыгач коюлат да, эриш жиптин жарымын күзүк жипке илип чыгат [2]. Станокко жүгүртүлгөн жиптин ар бир талы так эсепке алынат «күзүктөө» - деп астыңкы жип менен үстүңкү жипти чаташтырбай, ортосун ачып турганды айтабыз. Килемчиликте эриш-аркагы кең курулгандыктан күзүгү да узун болот.

Килемди токууда адагенде «жүгүртүү» иши башталат, башкача айтканда эришти аштаманын баш жана аяк жактарына оңдон-солго, солдон-оңго карай өткөрүп килемдин эриш жибин күзүктөп, күзүк жыгачка бөлүштүрүп байлап, күзүгүн көтөрүп, бир нече жолу аркак өткөрүп башталышын бекемдеп алып, анан түр салууга өтөбүз. Эң биринчи «жапайы», «ала мончок», «кара суу» деген ж.б. түрлөр токулгандан кийин омо-чиймеси килемчилердин термини боюнча «көчөтү» (орнаменти) түшүрөбүз. Килемге түшүрүлүүчү көчөттөр бизди курчап турган айлана-чөйрөдөгү жаратылыштын кооздугунан алынган элементтүү элестер, Мисалы: жан-жаныбарлардын, өсүмдүктөрдүн элесин чагылдырган көчөттөр түшүрүлөт. Атап айтсак, «кош кайкалак», «ит таман», «нанпар», «анар көчөт», «кызгалдак», «чабадан», «миң кыял», «бычак учу» ж.б.у.с. [5]

Биздин максат; Көркөм өнөр багытында билим алып жаткан студенттерге «Көркөм-жасалга өнөрүнүн технологиясы» сабагында, кол өнөрчүлүктүн бири түрү болгон килем токуучулук боюнча түшүнүк берип, аны программага тема катары киргизип, аларга үйрөтүү. Себеби, бүгүнкү күндө ата-бабалардан калган салттуу маданий баалуулуктар бөксөрүп, учкул мезгилдин тынымсыз ритми өз таасирин тийгизип көптөгөн нерселер өзгөрүп, айрымдары түп-тамыры менен жоголуп, унуткарып бaратат. Мына ушундай жагдай улуттук маданиятыбызга, жашоо-тиричилигибизди көрктөндүрүп келген элдик колдонмо өнөрүнө да, өз таасирин тийгизүүдө. Ошондуктан колдонмо-жасалга кол өнөрүнүн маселелерин чечүүдө, студенттерге кол өнөрчүлүктү тереңдетип үйрөтүүдө Көркөм-жасалга өнөрүнүн технологиясы (Технология ДПИ) сабагында килем токуучулуктун түрлөрүн үйрөтүүнүн тарбиялык жана эстетикалык мааниси чоң.

«Эстетика» деген – бул гректин «сезилүүчү», сезүү органы аркылуу кабыл алуучу деген сөзүнөн келип чыккан. Эстетикалык табиттин, идеялын, жөндөмүн, тарбиялоо менен анын сулуулуктун мыйзам ченемдүүлүгүнө ылайык чыгармачылык жөндөмүн, искусстводо, эмгек ишмердүүлүгүндө жаңы идеяларды жаратуу. Эстетикалык тарбиянын негизги максаты, милдети сырттан курчап турган дүйнөдөгү, табияттагы, көркөм өнөрдөгү, руханий асылзаттыкты, боорукерликти, ак ниеттүүлүктү көрө билүүнү камтыйт. Табияттагы жана турмуштагы, адамдагы кооздукту айырмалай билүү, жаратылышка жандуудай мамиле жасоо, көркөм өнөрдөгү бийик деңгээлдеги чыныгы чыгарма менен арыдан бери жасалган чыгарманы айра билүү, классикалык искусстводон рухий азык табуу, эстетикалык тарбияга ээ болгон инсандарга гана таандык касиеттерден болуп саналат. «Коомдун эстетикалык

түшүнүгүнүн квинтэссенциясы эстетикалык идеал, ал инсандын эстетикалык аң сезиминин эстетикалык кабылдоо, толгонуу, сезим, табит, керектүүлүк, көз караш жана ишеним сыяктуу составдык элементтеринде чагылдырылат». Эстетикалык тарбия орто мектептерде комплекстүү жүргүзүлгөндө гана, башкача айтканда адабият, сүрөт, музыка, кол өнөрчүлүгү сыяктуу эстетикалык циклдеги сабактар менен класстан тышкаркы иштер, туристтик-экскурсиялык жүрүштөр, концерттер, спектаклдер, көркөм кол өнөрчүлүк ийримдери, ата-эне, коомчулук, бүт айлана-чөйрө балага оң таасир эткенде гана эстетикалык тарбиялоо өз үзүрүн көрсөтөт. Эстетикалык тарбия үзүрүн көрсөткөн инсан ыймандуу болот, экологияга аяр мамиле жасап, жаратылышты андагы сулуулуктарды да сактайт, маданияттуу да, билимдүү да адам катары дүйнөнүн асылдыгын, кооздугун өнүктүрүүгө салым кошот жана кооздуктун, сулуулуктун мыйзамдары аркылуу чөйрөгө жана коомго таасирин тийгизет. Көркөм эстетикалык тарбияны алган, үйрөнгөн студент ошолордун негизинде жыйынтык чыгара алат.

Килем токууну 3-4 курстагы студенттер гана өздөштүрө алышат. Ошондой эле окутуучунун чыгармачылыгы, окуучунун же студенттин чыгармачылыгына таасир тийгизет. Окутуучу өзү компетенттүү чыгармачыл болуп, теория менен практиканы айкалыштырып, иш жүзүндө, окуучуларга иштеп көрсөтүп берүүсү зарыл.

Студенттер жасалып жаткан жумушту же чыгарманы практика жүзүндө иштеп көрбөсө, түшүнүүгө татаалыраак болот жана эстетикалык таасирин тийгизбей калышы мүмкүн. Килемди токуп, үйрөнүүдө түс тандоону үйрөнө билүүгө, сулуулукту көрүп сезе билүүгө, окутуучу тараптан элестүү, эммоционалдуу айткан сөзү, түстөр жөнүндө көрсөтмө куралдар болбосо, окуучулардын же студенттердин элестетип, таанып билүүсү кыйынга турат.

Бала жашынан эле адамдын колунан жасалган сулуулукка, табияттын жасай алгыс кооздуктарына таң калып, жан дүйнөсү менен ырахаттанууга көнүүсү зарыл. Ансыз чыныгы инсанды тарбиялоодо, адамзатты, маданиятты калыптандыруу кыйын. Ата-бабалардан таберик болуп, муундан-муунга калган улуттук көркөм кол өнөрчүлүктү, аздектеп, сактап, улантып кийинки муунга үйрөтүү биздин башкы максатыбыз.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Акматалиев А. Кыргыздын колдонмо-жасалга кол өнөрү [Текст] /А. Акматалиев. - Ф: Адабият, 1989, – 62-74 б.
2. Акматалиев А. Кыргыздын кол өнөрчүлүгү / А. Акматалиев. – Б. Кыргызстан., 1996. – 45-50 б.
3. Антипина К. И. «Кыргызское народное искусство» / К. И. Антипина. – М., 1977. - 34 с.
4. Рындин М.В., «Кыргызский национальный узор» / М.В. Рындин. – Б., 2016.
5. Овсянников М.Ф., Краткий словарь по (Книга для учителя) / под.редакции М. Ф. Овсянников - М., «Просвещение», 1983, 23-с.

**Рецензент: филос.и.к.., доцент Закиров У.А.**